## Окуучунун милдеттери

1.Мектептин уставын жана пед кеңештин чечимин аткарууга милдеттүү.

2.Ак ниеттүүлүк менен окууга,негизги билимдерди алууга жана өзүн-өзү өркүндөтүгө милдеттүү

3.Ар бир окуучу белгиленген убакытта мектепке келүүгө жана себепсиз сабактарды калтырбоого милдеттүү.

4.Коомдук иш –чаараларга катышууга мектеп салтын сактоого жана арттырууга милдеттүү

5.Башка окуучулардын жана мугалимдердин ой - пикирин сыйлоого милдеттүү

6.Мектеп буюмдарына этияттык менен мамиле жасоого жана таза  кармоого милдеттүү

7.Окуучу өзүн-өзү алып жүрүү эрежесин кармашы керек (сүлөө маданиятын жана коомдо жүрүү маданиятын билүүсү керек)

8.Окуучу өзүнүн сырткы кебетесин көзөмөлдөө милдеттүү

Кийими мектептеги талапка жооп бериши керек, спорттук кийимдерди бир гана дене тарбия сабактарынан кире алат

## Окуучунун укуктары

1.Бардык окуучулардын улутуна, динине матириеалдык жана коомдук шартына карабастан, укутары бирдей.

2.Ар бир окуучу мектептен акысыз билим алууга укуктуу.

3.Ар бир окуучу өз пикирин эркин айтууга укуктуу.

4.Билим алууда өзүнүн активдүүгүн көргөзгөнгө,тиешелүү сабактардан ой пикирин же күмөн болуп жаткан айтууга укуктуу.

5.Ар түрдүү олимпиадаларга, конкурстарга жана мелдештерге катышууга укукту.

6.Ден соолукка зыян келтирүүчү иштерден бошотулууга укуктуу.

7.Ар бир окуучу өздүк буюмдарын коргоого укуктуу.

8.Ар бир окуучу мектептеги иш чараларга,ийримдерге катышууга укуктуу (көңүлү болсо)

9.Окуучулар  эне тилинде сүйлөөгө, өзүнүн динин тутунууга жана өз элинин маданиятын сактоого укуктуу

## Мектеп окуучуларын уставы

1.Мектептен тышкары мезгилде окуучу балдардын жана кыздардын жүрүм- турумун, тартибин сырткы келбетин көзөмөлгө алуу ар бир окуучунун ата-энесине милдеттендирилсин .

2.Окуучу кыздардын формасы: ак кофта кара юпка, чачтары боелбой ак бантик тагылып келиши абзел. Кыз окуучуга шым кийүүгө боенуп келүүгө тыюу салынсын. Күз-кыш айларында да ушул форманы сактоо ата-энелерден талап кылынат..

3.Ар бир предметтик мугалим балдардын сабакка катышуусун көзөмөлдөп, тартипи тууралу билдирип туруусу абзел.

4. Ата-эне баласынын тартибине, анын жүрүм – турумуна, билим алуусуна көзөмөл жүргүзүү абзел.

5.Окуучу сабак учурунда мугалимди угууга,берилген тапшырманы так аткарууга ;

## Окуучулардын милдеттери жана укуктары

## Окуучулар төмөнкүлөргө укуктуу

- -жалпы билим берүү уюмун ар кайсы этабына окууга кирүүгө жана билим алуунун таризин тандоого;
- -мамлекеттик билим берүү стандарттарынын деңгээлинде милдеттүү жана акысыз жалпы башталгыч, жалпы негизги жана акысыз жалпы орто билим алууга;
- -кошумча билим берүү кызматын,анын ичинде акы төлөнүүчү да таризде алууга;
- -жалпы билим берүү уюмунун китеп канасын,маданияттык – спорттук жана өндүрүштүк базасын пайдаланууга;
- -Кыргыз республикасынын Өкмөтү жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары аныкташкан тартиптер боюнча бекер тамактанууга жана медициналык тейлөөгө, жүргүнчү авто транцпортто жүрүүнүн жеңилдиктерин пайдаланууга;
- -уставда аныкталган таризде жалпы билим берүү уюмун башкарууга катышууга;
- -балдар уюмунун ишин уюштурууга жана ага катышууга;
- -инсандык кадыр-баркты урматтоого жана маалымат эркиндигине, өзүнүн жеке көз карашын жана ынанымдарын эркин айтууга;
- -жалпы билим берүү уюмунда болууну, анын ичинде күзөт системасын уюштуруу аркылуу коопсуздукту камсыздоого;
- -жалпы негизги жана жалы орто билим берүүнү аяктаганда мамлекеттик үлгүдөгү билими жөнүндө документтерин өз учурунда алууга ж.б укуктуу;

## Окуучулар төмөнкүлөргө милдеттүү:

- - жалпы билим берүү уюмунун уставын тутууга жана аткарууга ;

- -мамлекеттик билим берүү стандарттарынын талаптарына деңгээлинде жалпы билим программаларын өздөштүрүүгө;
- -Кыргыз Республикасынын аймагында жашаган кыргыз жана башка да улуттардын салттарын, жалпы билим берүү уюмунун башка окуучуларынын жана кызматкерлеринин ар–намысын жана кадыр-баркын урматтоого;
- -ички тартипти сактоо боюнча жалпы билим берүү уюмунун, анын ичинде мектептик кийим талаптарын аткарууга;
- -жалпы билим берүү уюмунун мүлкүнө этияттык мамиле кылууга милдеттүү;
- -Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жана жалпы билим берүү уюмунун уставы менен окуучулардын кошумча укуктары жана милдеттери аныкталышы мүмкүн;
- Жалпы билим берүү уюмундагы тартип окуу процессинин бардык катышуучуларын инсандын кадыр- баркын урматтоосунун негизинде жолго салынат.
- Окуучуларга карата кара күч, эмоционалдык жана психологиялык зомбулукту колдоонууга жол берилбейт.